КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

ШАЙЫБЕК АТА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ШАЙЫБЕК АТА

---

## Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезектеги IV-сессиясы
## Токтом №57

27.01.2025-жыл

Чон-Сары-Ой айылы

### Айыл аймактагы соода түйүндөрү, конок үйлөрүнүн таштандыларын чыгаруу үчүн тарифин бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесин, Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн "Тазалык" мекемесинин жетекчиси Ж.Калиевдин кайрылуусун жетекчиликке алып, Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1.Айыл аймактагы соода түйүндөрү, конок үйлөрүнүн таштандыларын чыгаруу тарифи ар бир соода түйүндөрү, конок үйлөрү жайкы сезон учурунда 5000 (беш мин) сом өлчөмүндө бекитилсин.

2.Токтомду каттоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн облустук Юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

3. Токтомдун аткарылышы Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы У.Абдырахмановко жана Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Социалдык экономикалык бөлүмүнүн башчысы Ж.Учкемпировага жана "Тазалык" мекемесинин жетекчиси Ж.Калиевке милдеттендирилсин.

4. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин «Бюджет, финансы, экономика, инвестиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү» жана «Маданият, билим берүү, саламаттык сактоо, калкты социалдык жактан коргоо, эмгек миграция коомдук уюмдар менен иш алып баруу жана дин маселеси боюнча» туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **Т.Туйгунов**

*Г.Ормукова:*
*Жиберилди: иш кагазына-1, айыл Өкмөтү-1, "Тазалык" м-и-1, мин юст баш-2.*